**Долбоор**

**2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Кант шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Кант шаарынын мэриясынын бюджетинин аткарылышына, ошондой эле, мэриянын муниципалдык ишканаларынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө отчёт**

**Аудит субъекттери**

Аудит субъекттери болуп – Чүй областынын Кант шаарынын мэриясы, Кант шаарынын мэриясынын “Кант Жылуулук” жана “Эмгек Люкс” муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит субъектинин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесиптик пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчётто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, жергиликтүү бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 100, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча колдонмосуна ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудиттин предметтери**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйругунун аткарылышы.

Шаардын социалдык-экономикалык абалын талдоо жүргүзүү.

Бюджеттик процесстин мыйзам чыгаруу ченемдерине шайкештигине аудит.

Жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн түзүлүшүнө аудит.

Жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышына аудит.

Эмгек акыны төлөөгө бөлүнгөн каражаттардын колдонулушуна аудит.

Тамактанууга бөлүнгөн каражаттардын колдонулушуна аудит.

Отчёт алынуучу суммаларга жана насыя/дебитордук бересeлерге аудит.

Мүлктү сатып алууга бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна жана аны эсептен чыгарып салуунун тууралыгына аудит.

Муниципалдык менчиктеги объекттерди курууга, алардын капиталдык жана күнүмдүк ремонтуна бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна аудит.

Автотранспортту күтүүгө бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна аудит.

Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна аудит.

Сатып алууларга аудит.

Муниципалдык менчикти башкарууга аудит.

Жергиликтүү бюджеттин аудитине байланышкан маселелер боюнча муниципалдык ишканаларга аудит.

Муниципалдык ишканалардын бюджетинин түзүлүшүнө аудит.

Жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын колдонулушуна аудит.

Эсепке алуунун жана отчеттуулуктун уюштурулушуна аудит.

Бухгалтердик эсептин абалына аудит

Финансылык башкаруу жана контролдоо системасына аудит.

Ишмердикти жөндөөчү укуктук-ченемдик актылар, ички документтер (шаардык кеңештердин токтомдору, буйрутмалары, жоболор жана нускамалар ж.б.).

2024-жылга жергиликтүү бюджеттин сметалары, аткарылышынын отчёттору жана анын тиркемелери, бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчёттор (№2 форма), атайын эсептеги каражаттардын сметасынын аткарылышы жөнүндө отчёттор (№4 форма), сметанын аткарылышынын жыйынды балансы, баланстын тиркемелери, казыналык, банктык жана кассалык отчёттордун операциялары.

Чыгымдар сметасына эсептөөлөр, штаттык ырааттамалар, бухгалтердик, каржы-экономикалык документтер. Киреше жана чыгыша планынын аткарылышы, ишканалардын жана мекемелердин жыйынды балансытары, негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын кыймылы жөнүндө отчёттор, ж.б. документтер менен материалдар.

**Аудиттин критерийлери**

Аудиттердин предметтери төмөнкү критерийлер менен бааланган:

Кыргыз Республикасынын Конституциясы.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгы.

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын штаттык санынын типтик структурасын бекитүү» жөнүндөгү токтому.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26-августундагы 2008-жылдагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускама.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” Жобо.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы № 535 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө” Жобо.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябры № 571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Типтүү жобо.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө токтому.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 “Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтому.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобо.

Башка ченемдик укуктук актылар, мекемелердин жана ишканалардын ички документтери, ж.б.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Чүй областынын Кант шаарынын мэриясы, Кант шаарынын мэриясынын “Кант Жылуулук” жана “Эмгек Люкс” муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит субъекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын жана маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудиттерди жүргүзүү

үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн, аудит субъекттеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы менен жиберилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы**

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Чүй областынын Кант шаарынын жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча **15 937,1** миң сомго финансылык бузуулар жана башка кемчиликтер аныкталган, анын ичинде:

Кант шаарынын мэриясы тарабынан калыбына келтирүүгө тийиш 860,7 миң сомдун 24,1 миң сому калыбына келтирилген, калган 836,6 миң сом калыбына келтирилген эмес, тактап айтканда:

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, аткаруучулар тарабынан жалпы 780,9 миң сомго жумуштардын негизсиз жогорулатылган наркы аткаруучулардан өндүрүлгөн эмес, анын ичинен:

- “Чуңкурларды оңдоо” объектиси боюнча Аткаруучу “Южсдорстрой” ЖЧКнун эсебинен 40,6 миң сом;
- “Западная көчөсүн асфальттоо” объектиси боюнча Аткаруучу “Т.И.М.” ЖЧКнун эсебинен 66,3 миң сом;
- “Ваккера атындагы орто мектебинин 3-кабатынын имараттарын оңдоо" объектиси боюнча Аткаруучу “Тез Строй” ЖЧКнун эсебинен 335,1 миң сом;
- “Марковский көчөсүндөгү асфальт-бетон төшөлмөсүн капиталдык оңдоо" объектиси боюнча Аткаруучу “Кантдорстрой” ЖЧКнун эсебинен тарабынан 338,9 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» Жобонун 3-пунктун бузуу менен, 2024-жылдын 31-декабрына карата сактоо мөөнөттөрү 3 жылдан ашкан депозиттик эсептеги **55,7** миң сом Кант шаарынын бюджетине которулган эмес.

**2024-жылга Кант шаарынын социалдык- экономикалык көрсөткүчтөрү**

2024-жылга Кант шаарынын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программасы шаардык кеңеш тарабынан бекитилген, жана программанын аткарылышы боюнча 2024-жылдардагы отчёту иштелип чыккан планга шайкеш келген, жыл сайын шаардык кеңешке, мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга шаардын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы боюнча ачык отчёт берип турган. Бул иш чара Кыргыз Республикасынын улуттук туруктуу стратегиялык өнүгүү программасынын максаттарына жана тапшырмаларына ылайыкталган.

2024-жылдын январь-декабрь айындагы социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр:

Өнөр жай – 7 603,1 млн. сомго продукция өндүрүлгөн, бул 2023-жылга салыштырмалуу 114,7% түзгөн;

Турак-жай үйлөрдү куруу – 1,7 миң чарчы метр жалпы аянты тапшырылып берилген, бул 2023-жылга салыштырмалуу 105,3% түзөт;

Автомобиль транспорту менен жүк ташуу кызматтары – 1 852,8 миң тонна жүк ташылган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 101,6% түзөт;

Жүк жүгүртүү – 37 426,6 миң тоннага аткарылган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 101,6% түзөт;

Автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташуу – 19 079,2 миң адам ташылган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 101,8% түзөт;

Товар жүгүртүү (дүң соода, тамак-аш кошо) – 11 571,9 млн. сомго аткарылган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 154,4% түзөт;

Рыноктук кызматтар – 1 972,7 млн. сомго көрсөтүлгөн, бул 2023-жылга салыштырмалуу 125,6 % түзөт;

Мейманканалардын жана ресторандардын кызматын көрсөтүү – 1 047,2 млн. сомго аткарылган, бул 2023-жылга салыштырмалуу 129,9 % түзөт;

2024-жылы Кант шаары боюнча орточо айлык эмгек акы боюнча көрсөткүч 31 550,0 сомду түзгөн, жана 2023-жылга салыштырмалуу 10% өскөн.

Чакан жана орто бизнесте:

“KFS” ири ашкана курулуп ишке берилген, жеке инвестициянын көлөмү 5,0 млн. сом тартылып, 30 жумушчу орун түзүлгөн.

Кант шаарындагы жол куруу жана капиталдык оңдоо:

Кант шаарынын көчөлөрүнүн ички маанидеги жолдоруна асфальт басылып, жергиликтүү бюджеттик каражаттардын эсебинен 2024-жылдын 12 айында 2 км 540 метр жолго асфальт төшөлгөн, жана бюджеттен 38 500,0 миң сом каражат жумшалган, салыштыруу иретинде2023-жылы 2,92 км аралык жолго асфальт төшөлгөн.

Андан тышкары 2000 м$^2$ жолдордун аң-чөнөктөрдү оңдоого 3 200,0 миң сом каражат жумшалган.

Ошондой эле, Кант шаарынын Ленин көчөсүнө 4 000,0 миң сомго 400 метр жаңы тротуар төшөлгөн.

**2024-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

Кант шаарынын мэриясынын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик кодексинин” негизинде бюджет функционалдык жана экономикалык классификациялоо боюнча бекитилген.

2024-жылга Кант шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү план боюнча 395 289,4 миң сомго такталып бекитилген, кирешенин накталай түшүүсү 412 547,3 миң сомго камсыздалып, план 104,4 % аткарылган, башкача айтканда, пландан тышкары 17257,9 миң сомго киреше түшкөн.

Кант шаарынын мэриясынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүн бекитүүдө, республикалык бюджеттен мамлекеттик башкаруу секторунан трансферт алуу каралган эмес, ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик башкаруу секторунан 24 574,9 миң сом өз-ара эсептешүүнүн негизинде каржыланган.

Кант шаарынын бюджетинин киреше боюнча бөлүгүнүн аткарылышы төмөнкүчө мүнөздөлөт:

Бюджеттин салык кирешелери боюнча план 330 690,8 миң сомго такталып бекитилсе, накталай түшүүлөр 342 227,2 миң сомго камсыздалып, салык кирешелердин планы 103,5% аткарылган, башкача айтканда пландат ашыкча 11 536,9 миң сом түшкөн, жана салыктын төмөнкү түрлөрү боюнча төлөмдөр пландан ашыкча чогулган:

- кирешеге төлөнүүчү салыктар – 273 998,0 миң сомго бекитилсе, накталай түшүүсү 285 191,1 миң сомго камсыздалып, план 104,1% аткарылган;
- товарларга жана кызматтарга салынуучу салык – 1 423,0 миң сомго бекитилсе, накталай түшүүсү 1 572,9 миң сомго камсыздалып, план 110,5% аткарылган;
- патенттин негизинде түшүүчү салык – 24 608,5 миң сомго бекитилсе, накталай түшүүсү 26 060,3 миң сомго камсыздалып, план 105,9% аткарылган;

Ошону менен бирге, кээ бир салыктар боюнча бюджеттин киреше боюнча планы аткарылбай, салык төлөмдөрү толук эмес камсыздалган, тактап айтканда:

- кыймылсыз мүлккө салыгынын планы 10 006,5 миң сомго такталып бекитилген, накталай киреше 9203,6 миң сомду түзгөн, же план 92,0 % аткарылып, 1 690,9 миң сомго киреше кем түшкөн;

- жер салыгынын планы 9 632,1 миң сомго такталып бекитилген, салыктардын накталай түшүүсү  8 510,0 миң сомго камсыздалган, же план 84,7 % аткарылып бекитилген пландан 1 324,1 миң сомго кем түшкөн;

Ошондой эле салыктык эмес кирешелер боюнча план тактоолор менен жалпы план 39 793,7 миң сомго бекитилсе, накталай түшүүлөр 30 488,3 миң сомго камсыздалган, же план 76,6 % аткарылып, 9 305,4 миң сомго пландан кем түшкөн, анын ичинен:

- калктуу конуштагы жерлерди ижарага берүүдөн түшкөн киреше – план боюнча 1 448,0 миң сомго бекитилип, накталай түшүүсү 1 702,5 миң сомго камсыздалган, же план 117,6% аткарылып, пландан ашык 254,5 миң сом түшкөн;

Ошону менен бирге аталган киреше булактарынын кээ бир түрлөрүнөн киреше пландары аткарылбай калган, тактап айтканда:

- айыл чарба мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара акылары – план боюнча 7 396,5 миң сомго бекитилип, накталай түшүүсү 2 575,8 миң сомго камсыздалган, же план 34,8% аткарылып, 4 820,7 миң сом пландан кем түшкөн;

- муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлктүн ижара акылары боюнча – план 2 500,0 миң сомго бекитилип, накталай түшүүсү 2 378,5 миң сомго камсыздалган, же план 95,1% аткарылган.

**2024-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн  аткарылышы.**

Кант шаардык мэриянын 2024-жылга бюджетинин чыгымдар бөлүгү алдын ала жалпы 296 573,8 миң сомго, ал эми жыл ичинде тактоолор менен 382 059,8 миң сомго бекитилген, кассалык чыгымдар 335 660,8 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 242 784,9 миң сомго аткарылган, жана чыгашалардын бөлүмдөр боюнча аткарылышы төмөнкүчө мүнөздөлөт:

- 70111 «Аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу органдар»  бөлүгү боюнча - жалпы сметалык чыгымдар тактоолор менен 37 0778,6 миң сомго бекитилген, кассалык чыгымдар 32 656,6  миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 34 207,7 миң сомго аткарылган;

- 70629  «Турак-жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр» бөлүгү боюнча жалпы сметалык чыгымдар тактоолор менен 243 593,6 миң сомго бекитилсе, кассалык чыгымдар 225 431,0 миң сомду түзүп, накталай чыгымдар 133 493,9 миң сомго аткарылган;

- 70811 «Маданият» бөлүгү боюнча жалпы сметалык чыгымдар тактоолор менен 15 132,0 миң сомго бекитилип, кассалык чыгымдар 14 319,7 миң сомго, накталай чыгымдар 11 622,2 миң сомго аткарылган;

70921 «Билим берүү » бөлүгү боюнча  жалпы такталган смета 37757,5 миң сомду түзгөн, кассалык чыгымдар 53 145,9 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 53 353,4 миң сомду түзгөн.

71092 «Социалдык коргоо жана төлөм» бөлүгү боюнча  жалпы сметалык чыгым 4000,0 миң сомго бекитилип, 10 302,2 миң сомго такталган, кассалык жана чыныгы чыгымдар 10 107,6 миң сомду түзгөн.

Чүй областынын Кант шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жүргүзүлгөн учурдагы аудиттерде жалпы суммасы **65 315,1 миң сомго** финансылык бузуулар жана кемчиликтер аныкталган, анын ичинен **60 142,5 миң сом** калыбына келтирилүүсү тийиш;

**110105** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши –  **1 032,1 миң сом**;

**220104** Бюджеттик ассигнованиелердин көлөмдөрүнүн жана бюджеттик милдеттенмелердин лимиттеринин, каржылоонун чектүү көлөмдөрүнүн укуктук негиздерсиз өзгөрүшү **– 60 142,5 миң сом** анын ичинен **60 142,5 миң сом** калыбына келтирилүүсү тийиш;

**230303** Кызматкерлердин эмгек акы төлөөлөр жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар **– 4 143,2 миң сом**.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмү тарабынан Чүй областынын Кант шаарында, 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы

жергиликтүү бюджеттин эсебинен аткарылган курулуш жана оңдоо иштерине, ошондой эле, жергиликтүү бюджетке дем берүүчү гранттардан жана Чүй областынын жана Ысык-Ата районунун Өнүктүрүү фонддорунан курулуш жана оңдоо иштерине бөлүнгөн каражаттарга шайкештик аудит жүргүзүлө элек болгонуна байланыштуу, курулуш боюнча аудиттин жыйынтыгы менен кошумчалар жана толуктоолор, аудит жүргүзүлгөндөн кийин киргизилет.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Чүй областынын Кант шаарынын мэриясынын бюджетинин аткарылышы жана муниципалдык ишканалардын иштери, бардык олуттуу аспекттеринде, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кант шаарынын мэриясы**

2024-жылга Кант шаарынын мэриясынын аппаратынын бюджеттик сметасынын чыгымдар боюнча бөлүгү 32 088,3 миң сомго такталып бекитилген, кассалык чыгымдар 27 781,6 миң сомду түзүп, накталай чыгымдар 29 351,7 миң сомго аткарылган.

2024-жылга Кант шаардык кенешинин бюджетинин чыгымдар боюнча такталган бюджети 4 990,3 миң сомго бекитилсе, кассалык чыгымдар 4 874,9 миң сомго, ал эми накталай чыгымдар 4 856,0 миң сомго аткарылган.

2024-жылга Кант шаарынын мэринин резервдик фонду 1 500,0 миң сомго бекитилген, кассалык жана накталай чыгымдар 1 817,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутундусу:**

2024-жылы, Кант шаардык кеңештин токтомдорунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгында жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунда каралбаган, Кыргыз Республикасында белгиленүүчү майрам күндөрүнө карата сый акы түрүндө **2 113,6 миң сом** чегерилген, анын ичинде социалдык фондго чегерүүлөр 310,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мэриянын кызматкерлерине эмгек акыларды чегерүүдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптары сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутундусу:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтому менен бекитилген Облустук жана райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын штаттык санынын чегин бузуу менен, 2024 жылы Кант шаарынын мэриясында 6 штаттык бирдик контракттын негизинде штаттан тышкары кабыл алынып, **2 026,9 мин сомго** эмгек акы чегерилген, анын ичинде социалдык төлөмдөр 298,2 миң сом.

**Сунуштама:**

Кант шаарынын мэриясынын штаттык ырааттамасын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-февралындагы № 81 токтому менен бекитилген Облустук жана райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын штаттык санынын чегине шайкеш келтирилсин, жана штаттан тышкары кызматка кабыл алуу практикасы токтотулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутундусу:**

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин 6-бөлүгүн бузуу менен, контрактты башкаруу үчүн жоопту адам дайындалган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутундусу:**

Кант шаарындагы калктуу конуш жерлерин ижарага берүүдө 253 ижарачы менен түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасы 2 397,7 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге муниципалдык жерлеринин ижарадан түшүүчү кирешенин такталган план көрсөткүчү 1 448,0 миң сомго бекитилген, же болбосо аталган булак боюнча киреше планы негизсиз 949,7 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Ошондой эле, муниципалдык имараттарды ижарага берүүдө 14 ижарачы менен түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасы 2 582,4 миң сом түзгөн, ошону менен бирге, аталган киреше булагы боюнча план 2 500,0 миң сомго бекитилген, же болбосо план тапшырма негизсиз 82,4 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Жалпы ижара мамилелери боюнча план негизсиз **1 032,1 миң сомго** төмөндөтүлүп, бекитилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кант шаарынын бюджетинин кирешелеринин финансылык жылга план-болжолу, ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын эске алуу менен түзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Туйтенов

**“Эмгек Люкс” муниципалдык ишканасы**

2024-жылы кардарларды таза ичүүчү суу менен камсыздоо жана таштандыларды чыгаруу боюнча кызматтарды жана дагы башка кызматтарды көрсөтүүлөрдөн 8 130,4 миң сом киреше түшсө, иш жүзүндөгү өндүрүштүк-финансылык чыгымдары 10 125,8 миң сомду түзгөн, же болбосо жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 1 995,4 миң сом зыян тарткан.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутундусу:**

Ишкана мурдагы Люксембург айыл өкмөтүнүн карамагында иш алып барып, түзүлгөн келишимдердин негизинде айыл өкмөткө кызмат көрсөтүп келет.

**Сунуштама:**

Мындан ары “Эмгек Люкс” муниципалдык ишканасынын уставында көрсөтүлгөн кызматтарды аткаруусу камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутундусу:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы “Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ №680/66-6 токтомунун сунуштарын аткаруу боюнча иш чаралар аткарылбай, 2024-жылы калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн накталай түрдө төлөмдөр орун алган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 “Мамлекеттик жана Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө“ токтомуна ылайык калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү үзгүлтүксүз төлөө мүмкүнчүлүгү камсыздалсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутундусу:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун

типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомунда каралган сатып алуулардын ички тартиби иштелип чыкпай, сатып алуу шарттары бекитилген эмес.

Ошондой эле, аталган токтомдун талаптарын бузуу менен, сатып алуу жол-жоболору өткөрүлбөстөн 3 780,0 миң сом накталай акча каражаттарга муңай зат, запастык бөлүктөр жана башка баалуулуктар сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Сатып алуу жол-жоболору боюнча коюлган талаптары сакталбастан, сатып алууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги мыйзамга жараша каралсын. Мындан ары мамлекеттик сатып алууларда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекиген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык % мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибинин талаптары аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н.Туйтенов

**"Кант-Жылуулук" муниципалдык ишканасы**

2024-жылдын жыйынтыгы менен операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн жалпы киреше 32 469,2 миң сомду түзсө, товарлардын жана кызматтардын өздүк наркы 31 375,9 миң сомду түзүп, жылдын жыйынтыгы менен Ишкананын дүң пайдасы 1 093,2 миң сомду түзгөн, жана жылдын жыйынтыгында Ишкана 1 213,4 миң сом таза пайда тапкан.

2024-жылдын 1-июлуна карата республикалык бюджеттен бөлүнгөн субсидия боюнча ашыкча каржылоо 65 089,1 миң сомду түзгөн, жана от казандарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүүдө, жогоруда көрсөтүлгөн 65 089,1 миң сом суммасындагы каражат өткөрүлүп берилген. 2024-жылдын 1-июлунан тартып 31-декабрына чейин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-июлундагы № 391 токтому менен бекитилген "Жылуулук энергиясына тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжасында калкка берилген жылуулук энергиясынан жана ысык суу жеткирүүдөн келип чыккан чыгымдарды жабууга мамлекеттик бюджеттен берилчү субсидия өлчөмүн эсептөө" Методикасына ылайык, ишкана 69 278,8 миң сом субсидия эсептелген.

1. **Критерийлерди бузуу жөнүндө корутунду:**

2024-жылдын 1-июлунан тартып 31-декабрына чейин ишканага 64 332,1 миң сом субсидия бөлүнүп берилген, ошону менен 2024-жылдын аягына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-июлундагы № 391 токтому менен бекитилген "Калкка жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо муктаждыктарына берилүүчү жылуулук энергиясына тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжасында келип чыккан чыгашаларды жабууга жылуулук менен жабдуучу ишканаларга мамлекеттик бюджеттен субсидияларды берүүнүн" Убактылуу тартибинин талаптарын бузуу менен, республикалык бюджеттен ашыкча каржыланган субсидиянын көлөмү **60 142,5 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-июлундагы №391 токтому менен бекитилген "Жылуулук энергиясына, калкка жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо муктаждыктары үчүн берилген тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжасында келип чыккан чыгымдарды жабуу үчүн субсидия берүү боюнча" Убактылуу тартибин бузуу менен ашыкча каржыланган 60 142,5 миң сом, республикалык бюджеттен субсидия катары 2026-жылы каржылоодо эсепке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Н. Туйтенов

**Республикалык бюджеттен Өнүктүрүү фондусуна келип түшкөн акча каражаттарын пайдаланылышына аудит**

Аудитке берилген маалымат боюнча, Кант шаарынын мэриясына Ысык-Ата райондук Өнүктүрүү фондусунан аудит камтыган мезгил аралыгында 3111 «Имарат жана курулуш»

беренесине 1 066,4 миң сом каржыланып, ал эми Чуй өнүктүрүү фондунан 1229,3 миң сом каржыланып, Кант шаардык мэриянын Люксембург айылын жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**Бишкек шаары, Чүй жана Талас**
**областтары боюнча аймактык**
**бөлүмүнүн жетекчиси** **Т.Т. Шаменов**

Аткарган: мамлекеттик инспектор Н.Туйтенов